КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
СОКУЛУК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
СОКУЛУК АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СОКУЛУКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА
СОКУЛУКСКИЙ АИЛНЫЙ
КЕНЕШ

Жергиликтүү кеңештин ТОКТОМУ

2026-жылдын “ 23 ” июль № 14

Сокулук айыл аймагындагы АЧМФнын жерлеринин ижара акысын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин 2025-жылдын 2-февралындагы № 04-13/59 Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларга, айыл чарба кооперативдерине жана айыл чарбасынын экономикалык жактан артыкчылыктуу субъектерине ижарага берүү жөнүндө жобого ылайык Сокулук айыл өкмөтүнүн ижара мөөнөтү аяктаган 50% айыл чарба жерлерин ижарага берүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн жер адиси Т. Есеналиевдин баяндамасын угуп, ижарага берүүдө жалпы Жобонун 10 пунктуна ылайык ижара акысынын өлчөмүн бекитип берүү тууралуу Сокулук айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ижара акысынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 401-беренесине ылайык төмөнкү формуланын негизинде ИА1=БСН х Ки сугарууга кыйынчылык жараткан жерлерге К=20 коэффицент менен эсептелип №49, № 51, № 53, № 61, № 63, № 478 № 88 контурлардагы жерлердин ижара акысы 20 х 610,5 = 12210 (он эки миң эки жүз он)сом болуп бекитилсин.

2. Бул токтом Сокулук райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айыл өкмөтүнүн орун басары Э.Койлубаевке тапшырылсын.

Торага **Жумалиев Н.Н**